**А Т А Й Ы Н   М А А Л Ы М А Т**
**02-041-2024-001124 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча**

Иштин жагдайы: Ош ШИИБнын ЭММКАКнын ыйгарым өкүлү милициянын капитаны С.Жороев билдирүү менен кайрылып анда: Алынган ыкчам маалыматтара боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжасында, Ош шаарынын аймагында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына №7 Ош шайлоо округу боюнча шайлоого катышуу үчүн катталган талапкерлер шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай баалуулуктарды тапшыруу же жолу менен талапкердин жубайы, жакын каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык кандайдыр-бир кызматты же башка баалуулуктарды алууга көмөктөшүү туугандары жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары тарабынан шайлоочулардын добуштарын сатып алуу аракеттери жасала тургандыгы мүмкүн болууда.

Ошол себептен, бул аракеттерге катыштыгы бар жарандардын өздүктөрүн, иштеген жана жашаган жерлерин аныктоо менен бирге алардын аракеттерине юридикалык баа берүү зарылдыгын билдирген.

Бул боюнча, 2024-жылдын 18-апрели Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001124 сандуу маалымат катталган.

Текшерүү учурунда, добуштарды сатып алууда аракет кылып жаткан талапкердин өздүгүн жана ага жардам берип жүргөндөр туугандары, достору жана тааныштарын өздүктөрүн аныктап тактама менен билдирүү боюнча тергөө тапшырмасы берилген.

Тапшырманын негизинде ыкчам иликтөө иш чаралары жүргүзүлүп тергөө кызматына, Ош шаары [redacted] туулган Мамаджанова Г[redacted] Ош шаары Туран кичи району [redacted] туулган Хамдамова Д[redacted] Ош шаары Туран кичи району [redacted] туулган Парпиев Х[redacted] Ош шаары [redacted]-жылы туулган Мадазимова Ы[redacted] суралышкан.

Алар өз көрсөтмөсүндө, буга чейин дагы, КРнын Жогорку Кенешине бир мандаттуу депуттарды шайлоого агитатор болуп иштеп жүргөндүгүн көрсөтүшүп учурда КРнын Жогорку Кенешинин депутаттыгына № 12 шайлоо округунан талапкер М.Маматкуловго үгүт иштерин жүргүзүү боюнча агитатор экендигин жана талапкер келишим түзүшкөнүн билдиришкен.

Текшерүү иштеринин жүрүшүндө, аталган материалда кылмыштын курамы аныкталбагандыктан 2024-жылдын 22-апрелинде кылмыш иш козгоодон баш тартуу жөнүндөгү токтом кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине депутаттарды шайлоодо өткөрүлүүчү бир мандаттуу шайлоого болгон үгүт иштерин жүргүзүүдөгү талаптар Ош шаарындагы №5273 сандуу шайлоо участкасынын үгүт жүргүзүүчүлөр (агитаторлору) тарабынан бузулганы аныкталгандыктан, Ош шаардык Аймактык Шайлоо Комиссиясы тарабынан жогорудагы талаптарды бузганы боюнча алдын алуу иш чаралары жүргүзүлүп тиешелүү атуулдарга чара көрүү боюнча кылмыш иш козгоодон баш тартуу жөнүндөгү токтомдун бир көчүрмөсү 2024-жылдын 22-апрелинде 32/3-3050 чыгыш саны менен аларга жиберилген. Ал эми бир көчүрмөсү Ош шаардык прокуратурасына жиберлиген.

**Ош ШИИБнын Тергөө кызматы**